КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) VIII сессиясы**

**Токтом №01-5/ 46**

Сүлүктү шаары 13.10. 2025ж.

**Шаарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча аткарылган иштер жөнүндө**

Шаарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча аткарылган иштер жөнүндө шаардык мэриянын маалыматын жана шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 - беренесине ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Шаарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча аткарылган иштер жөнүндө шаардык мэриянын маалыматы кабыл алынсын;
2. Шаардын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча алгылыктуу иштер жүргүзүлгөндүгү белгиленсин
3. Сүлүктү шаарынын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго милдеттендирилсин:
   -шаардын инфраструктурасын жакшыртуу, шаарды социалдык жана эконоикалык жаткан өнүктүрүү , калктын жашоосуна ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында инвестицияларды тартуу;
   -Долбоорлорду ишке ашырууга багытталган финансы каражаттарын максаттуу пайдалануу;
   Долбоорлорду ишке ашырууда экологиялык, санитардык жана архитектуралык ченемдердин сакталышын камсыз кылуу
   -Долбоордун негизинде бүткөрүлгөн объекттердин калкка натыйжалуу кызмат көрсөтүүсүн жана сарамжалдуу пайдаланышын камсыз кылуу;

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Б.А. Абдуназаров